“БЕКИТЕМИН”

Бекмамат Осмонов атындагы

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин

ректору, техника илимдеринин доктору,

профессор К. Ж. Усенов

“07” 02 2020-жыл

Зулпуев Ашим Зулпиевичтин **“Жогорку окуу жайларында “Манас” таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери”** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган доктордук диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

## РАСМИЙ ПИКИРИ

Диссертациялык иш Ош технологиялык университетинин кыргыз жана орус тилдери кафедрасында аткарылган.

Илимий кеңешчи – педагогика илимдеринин доктору, Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевич.

1. **Изилдөөнүн актуалдуулугу.**

“Манас” эпосу -ата-бабалар кыргыз баласы үчүн мурас кылып калтырган алмашкыс рухий жана маданий мурас. Көркөмдүк жактан алып караганда да этностун тарыхын мындай жогорку деңгээлде чагылдырып берүү – бул дээрлик теңдеши жок феномен, бул уникалдуу оозеки мурас. Өткөн кылымдын токсонунчу жылдарынын башынан бери башка улуттар менен өлкөлөр сыяктуу эле кыргыз элинин эгемендүүлүккө ээ болушу менен мамлекеттик баш

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№........... «10» 02 2020 ж/г

мыйзамдан (конституция) тартып башка баардык мыйзамдар, анын ичинде "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамы эркин жана демократиялык өнүгүүнүн талаптарына жана эл аралык алака-мамилелердин, кызматташуулардын негизине ылайык кайрадан иштелип чыкты. Азыркы замандын талабына ылайык жогорку окуу жайлардагы окутуучулар "Манас" таануу курсун окутуу боюнча методикалык (практикалык) жардамга муктаж.

Мына ушундай муктаждыкты канааттандыруу максатында биз **"Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери"** деген теманын алкагында диссертациялык изилдөө жүргүзүүнүн зарылдыгы келип чыкты.

**2. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштарынын негизделишинин даражалары**. Диссертация бири-бири менен логикалык жактан байланышкан 4 баптан, алардын ар биринен келип чыккан корутундулардан, жалпы жыйынтыктардан, сунуштардан, пайдаланылган адабияттардан турат. Эмгектин жалпы көлөмү –302 бет, анын ичинен диссертациянын көлөмү - 266 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 404 аталышты түзөт, таблицалар – 8, сүрөттөр – 9. Киришүүдө изилдөөнүн бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу, максаты, милдеттери, коргоого сунуш кылынган жоболору, апробацияланышы тууралуу маалыматтар берилет. Биринчи бап **"Манас" таануу курсунун мазмуну, аны окутуунун теориялык маселелери, курстун структурасы"** деп аталат. Бул бапта республиканын жогорку окуу жайларындагы "Манас" таануу курсунун мазмуну, максат-милдеттери жана теориялык негиздери тууралуу; эпостун изилдениш тарыхы: жыйноо, жаздыруу жана китеп түрүндө чыгаруу маселелери тууралуу; эпостун варианттары жана манасчылык өнөр тууралуу маалыматтардын адабий-теориялык, илимий-методикалык мааниси тууралуу маселелер кенен каралган. Диссертациянын **"Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору менен принциптери"** деген экинчи бабында "Манас" таануу курсу боюнча жүргүзүлгөн эксперименттин мазмуну, максат-милдеттери;эксперименттик-тажрыйбалык иштердин уюштурулушу, базасы; "Манас" таануу курсу боюнча

студенттердин алган билимин баалоо жана эксперименттин жыйынтыктары чыгарылган жана республиканын жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсунун окуу дисциплина катары объектиси менен предмети жана "Манас" таануунун мамлекеттик стандарт, концепция, окуу программа жана окуу китептеринен алган орду тууралуу кенен сөз болуп, курсту окутуудагы педагогикалык методдор, формалар жана каражаттар сунуш кылынган. Үчүнчү бап **"Манас" таануу курсун заманбап технологиялар менен өркүндөтүүнүн методикасы"** деген аталышта болуп, мында "Манас" таануу курсун окутуунун компоненттери, педагогикалык заманбап үлгүсү, окутуудагы заманбап технологиялар тууралуу, жогорку окуу жайларындагы студенттерге Манастын осуяттарын үйрөтүүнүн заманбап технологиялары боюнча сунуш кылынган методика, "Манас" таануудагы гуманисттик идеялар, студенттерди мекенчилдикке тарбиялоодогу орду, милдети тууралуу сөз болот. Аталган бапта үчилтиктин өзөгүндөгү тарбиялык маанидеги эпизоддор сүрөттөлүп, анда башкы каармандардын портреттери ачылат. Алар аркылуу студент жаштарды мекенчил инсандар катары туура тарбиялоого боло тургандыгы, "Манас" таануу курсун уюштуруудагы педагогикалык шарттар жана окуп-үйрөнүүнүн заманбап үлгүсү сунуш кылынган. Төртүнчү бап **"Манас" таануу курсун окутууда ээ болуучу компетенциялар жана курстун тарбиялык маани-маңызы"** деген аталышта болуп, "Манас" таануу курсун окутуп жаткан окутуучу жана студенттер ээ болуучу компетенциялар, ошондой эле айтылган компетенцияларга жетүү үчүн билим-билгичтиктерге коюлуучу талаптар, "Манас" таануудагы гуманисттик идеялар, студенттерди мекенчилдикке тарбиялоодогу орду, милдети тууралуу жазылган. "жалпы жыйынтыктар жана сунуштар" бөлүмү диссертациянын логикасынан жана корутундуларынан жалпыланып жазылган. Эмгектин аягында берилген пайдаланылган адабияттардын тизмеси абдан бай жана ар тараптуу, бул анын көптөгөн илимий жана адабий булактар менен иштей билгендигин тастыктайт.

**3. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа, салыштырмалуу жаңы.** Кыргызстандын жогорку окуу жайларында “Манас” таануу курсун окуу дисциплинасы катары теориялык жана методикалык жактан алгачкы ирет негизделген.

**2-натыйжа, жаңы**. “Манас” таануу курсунун максат-милдеттери, мазмундук өзөгү, окутуу формалары менен каражаттары илимий-методикалык жактан алгачкы жолу такталган.

**3-натыйжа, салыштырмалуу жаңы**. ЖОЖдордо “Манас” таануу курсун окуп-үйрөнүүнүн заманбап технологиясынын иштелип чыккан, аны окутуунун адабий-теориялык, педагогикалык-дидактикалык жана методикалык принциптери, ыкмалары, методдору, формалары жана каражаттары аныкталган.

**4-натыйжа, жаңы.** “Манас” таануу курсунун иштелип чыккан технологиясын жана “Манас” таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнү мындан ары өркүндөтүүнүн келечектүү концепциясы иштелип чыккан.

**5-натыйжа, жаңы.** “Манас” таануу курсун окутууга арналган иш-чаралар алгачкы ирет Кыргыз Республиканын жогорку окуу жайларында практикаланган.

**4. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулугу.** Жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында “Манас” таануу курсун окутуп жаткан окутуучуларга практикалык жардам көрсөтөт. Изилдөөдөн келип чыккан корутунду менен практикалык сунуштар “Манас” таануу боюнча жазыла турган окуу китептерин, методикалык колдонмолорду, окуу программаларын мазмунун жакшыртууда таяныч база боло алат. Курсту өздөштүрүүдө студенттерге курстук, дипломдук иштерди, магистрдик жана кандидаттык диссертацияларды жазууда – студенттерге, окутуучуларга, изденүүчүлөргө адабий-теориялык, педагогикалык-методикалык багыт көрсөтөт.

**5. Изилдөөчүнүн жекече салымы:** Жогорку окуу жайларында “Манас” таануу курсун окутуунун мазмунун, формаларын жана каражаттарын иштеп

чыккандыгы, аны окутуунун натыйжалуу методикалык ыкмаларын, технологияларын сунуш кылгандыгы; окутуунун салттуу ыкмаларынын негизинде салтка айланбаган заманбап сабактардын, инновациялык жана интерактивдүү окутуу технологияларынын иштелип чыгып, аларды практикага сунушталгандыгы; иштелип чыккан ыкмалардын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу сыноодон өткөрүлгөндүгү, илимий иштин изилдөө багыты боюнча жыйынтыктардын, сунуштардын апробацияланышы жана тастыкталышы диссертанттын жеке салымы катары каралат. Диссертация белгиленген проблема боюнча ички биримдикке ээ жана бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду алып чыккан. Бул изденүүчүнүн кыргыз педагогикасына кошкон жеке салымын тастыктайт.

**6. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү Зулпуев Ашим Зулпуевичтин **"Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери"** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**7. Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.** Изилдөөнүн көйгөйү боюнча жарыяланган эмгектери саны жана сапаты жагынан КР ЖАК талап кылган норма үчүн жетиштүү. Автордун илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизи теориялык жоболорун жана практикалык сунуштарын толугу менен өз ичине камтыйт.

**8. Диссертациялык жумуштун айрым кемчиликтери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот.**

1. Изденүүчү педагогикалык экспериментке Ош жана Жалал-Абад шаарындагы жогорку окуу жайлар гана алган, биздин оюбузча, эксперименталдык базаны кеңейтип, республиканын айрым жогорку окуу жайларын да алса, илимий тыянак чыгаруусунун аргументтүүлүгү дагы жогоруламак.

2.“Манас” эпосунун тарбиялык мааниси изилдөөнүн методдорунан кийинки главага жайгащтырылса, диссертациянын мазмунуна шайкеш келмек.

3/ Диссертациянын тексттиндеги айрым орфографиялык, пунктуациялык мүчүлүштүктөрдү кароо керек.

Бирок, аталган кемчиликтер диссертациянын негизги теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт.

Зулпуев Ашим Зулпуевичтин доктордук диссертациясын өз алдынча аткарылган жана бүткөн изилдөө катары кароого болот. Изилдөөнүн мазмуну жана андагы алынган жыйынтык ЖАКтын жобосунда көрсөтүлгөн критерийлерге толугу менен жооп берет.

Жалпысынан изденүүчү Зулпуев Ашим Зулпуевичтин **“Жогорку окуу жайларында “Манас” таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери”** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу 9-пунктунун талаптарына ылайык келет. Ал эми Зулпуев Ашим Зулпуевичтин 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика жана психология, башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, кыргыз, дүйнөлүк элдер адабияты жана журналистика кафедраларынын кеңейтилген

отурумунда каралып, 2020-жылдын 5-февралындагы (№12-протокол) менен бекитилген.

**Катышкандар:**

1.Сакиева С.С.- педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);

2.Токтогулов С.Т.- педагогика илимдеринин доктору, проф.м.а. (13.00.01);

3.Калчакеев К.Б.–филология илимдеринин доктору, проф.м.а. (10.01.09);

4.Чокоева Д.М.– филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.01.09;)

5.Ураимов К.М. -педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а. ( 13.00.02);

6.Нусупова Р.С. -педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а. (13.00.01);

7.Найманбаев М.Ж.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

8.Рыскулова Г.У.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент ( 13.00.01);

9.Тажибаева Ж.К.- педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.( 13.00.02);

10.Ажыкулов С.М.- педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а. (13.00.01);

11.Халдарова Ы.А. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

12.Ажыбаева З.А.- филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.00.01).

Жыйындын төрайымы,
педагогика илимдеринин доктору,
профессор С.С.Сакиева

П.и.д., профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктаймын.
ЖАМУнун окумуштуулар кеңешинин катчысы,
педагогика илимдеринин кандидаты Р.С.Нусупова

Дата поступления в ДС Д 13.18.2 10 февраля 2020 г
Уч. секр. Ажыбаева З.К.